# Өзгөн: археологиялык жаңы табылга

Үстүбүздөгү жылдын 15-апрелинде Дөң-Булак айыл өкмөтүнүн тургундары Азодахан Камилжанова менен Абсатар Гопуржанов жеке менчикке алган жерине 3 комната үй куруу максатында үйдүн фундаментин каза башташат. 1 метр казылган соң, ал жерден узундугу 27 см, туурасы 14 см жана бийиктиги 3,5 см болгон кыштар кездешкен. Азодахан бул археологиялык табылганы Өзгөндөгү мунаранын кышына окшош экендигин байкайт. Ал жерден казуу токтотуп, ылай алыш үчүн 20 метр аралыктан дагы 1 метр казгандан кийин төшөлгөн кыш башталган. Анын узундугу 3 метрден, туурасы 1 метр 80 см өлчөмүндө болуп, тегиз жерге бир калыпта төшөлгөн. Ошону менен бирге бул жерден карапанын сыныктары да табылган.

Жердин сырдуу табылгасына таң калышып, далилдердин даана болушун көздөшүп, жогору көздөй дагы казганда төрт бурчтук 8 катар кыш менен урулган узундугу 87 см, туурасы 41 см, бийиктиги 36 см болгон текче чыккан.

Бул археологиялык табылга экендигине толук көзү жеткен соң, алар Өзгөндөгү технология жана билим берүү институтунун директору, профессор К.Зуллукаровго кабарлашып, табылганы өз жеринде көрсөтүшөт.

Археологиялык табылга кыргыз тарыхынын байыркы замандан калган тарыхый мурасы. Кокустан жаралган табылга кээде эң чоң ачылыштарды жаратат. Мисалы: Полеолит мезгилине тийиштүү Сибирдеги Мальта эстелиги дыйкан тарабын..., Заравшан өрөөнүндөгү Муг тоосундагы VIII кылымга тийиштүү согдий тилиндеги документти койчу таап кабарлаган. Бул өңүттөн алып караганыбызда мүмкүн Азодахандын ачкан жыңылыгы X-XI кылымдарга таандык Өзгөн археологиялык комплексинин башкача уландысы же байыркы кылымдардан кабар берген чоң ачылыштыр.

Адатта археология илими тарыхый булактары боюнча жазуу жана буюм түрүндө болуп экиге бөлүнөт. Ошол казылган жерден сол жакты көздөй казганда катар төшөлгөн кыштар улантылып, үч бурчтук түрүндө беш катар кыналып жатканын байкоого болот. Алардын ортосунан чопо карапанын сыныктары, чопо шам чырак жана 1 м 30 см алыс жерден жазуусу бар коло тыйын табылган. Шам чырактын айырмасы музейлердеги чырактардан өзгөчөлөнүп, коозодолгон оригиналдуулугу менен бөтөнчөлүккө ээ.

***Ж.АНАШОВ, "Өзгөн Нуру" гезитинин редактору***